Биз экообуз
Билбейм кайдан жаралгансың сен мага?
Маңдайыма бүткөн жалгыз бакыттай.
Сени сүйдүм, буйрук алып тагдырдан,
Башкалардын миңи сага татыбай!

Же болбосо сен жаралып мен үчүн,
Жаралганда мендик болуп жаралдың.
Айтчы, жаным, а болбосо эмне үчүн,
Зарлап тапкан перзентимдей көрүндүң?

Уктаганда сенин уйкуң менде бар,
Ойлорум да, ойлоруңа киришкен.
Биз экөөбүз, эки сандай барабар,
Биз экөөбүз, эки суудай бириккен.

Сени сүйдүм, буйрук алып тагдырдан,
Башкалардын миңи сага татыбай.
Башкалардын, башкалардын
Миңи сага татыбай.